УДК: 328.02 (575.2) (043.3)
DOI 10.33514/1694-7851-2022-4-265-270

**Омурзакова Т.**
тарых илим. док.
Кыргыз Республикасынын улуттук илимдер академиясы
Tursynai58@mail. Ru
**Арзыматова А.Ж.**
ага окутуучусу.
К. Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университети
Aarzymatova@bhu.kg
**Омуразакова Т.**
док. истор. наук
Национальная академия наук Кыргызской Республики
Tursynai58@mail. ru
**Арзыматова А.Ж.**
старший преподаватель
Бишкекский государственный университет им. К. Карасаева
Aarzymatova@bhu.kg
**Omurzakova T.**
Doctor of Historical Sciences
National Academy of Sciences of the Kyrgyz Republic
Tursynai58@mail. ru
**Arzymatova A.Z.**
Senior Lecturer
Bishkek State University named after K. Karasayev
Aarzymatova@bhu.kg

# КЫРГЫЗСТАНДАГЫ КООМДУК-САЯСИЙ ТУРМУШКА ТААСИР ЭТКЕН ФАКТОРЛОР

# ФАКТОРЫ, ВЛИЯНИЯЮЩИЕ НА ОБЩЕСТВЕННО-ПОЛИТИЧЕСКУЮ ЖИЗНЬ КЫРГЫЗСТАНА

# FACTORS AFFECTING THE PUBLIC – POLITICAL LIFE OF KYRGYZSTAN

**Аннотация:** Макалада Кыргызстандагы саясий турмуштун жүрүшүнө таасир эткен тышкы факторлор: жаратылыш чөйрөсү, экономикалык мамилелер, технологиянын өнүгүшү, коомдун социалдык структурасы, туруктуу мамлекеттик тутумдарды түзгөн улуттар, адамдардын ири массасын консолидациялоочу дин,саясий мамилелер чөйрөсүндө руханий бirimдиктин каражаты болгон идеология,коомдук пикир, массалык маалымат каражаттары, саясий психология ж.б. таасирлер анализденет.

**Негизги сөздөр:** жаратылыш чөйрөсү, социалдык структура, улут, дин, идеология, коомдук пикир, модернизация, трансформация, демократиялык режим, революция.

**Аннотация:** В статье анализируется внешние факторы, влияющие на политическую жизнь Кыргызстана: природная среда, экономические отношения, развитие технологий, социальная структура общества, нации, составляющие устойчивые структуры государства, религия, консолидирующая крупные массы людей, идеология, общественное мнение, средства массовой информации, политическая психология и др.

**Ключевые слова:** природная среда, социальная структура, нация, религия, идеология, общественное мнение, модернизация, трансформация, демократический режим, революция.

**Annotation:** The article analyzed external factors on the political life of Kyrgyzstan: the natural environment, economic relations, technology development, the social structure of society, nations constituting stable structures of the state, religion consolidating large masses of people, ideology, public opinion, mass media, political psychology and others.

**Keywords:** natural environment, social structure, nation, religion, ideology, public opinion, modernization, transformation, democratic movement, revolution.

Кыргыз Республикасынын 1991–2005-жж. аралыгындагы коомдук – саясий турмушундагы окуялардын өнүгүүсүн ырааттуу изилдөө жана демократиялык коомдун калыптануусун, жарандардын саясий социалдашуусуна тийгизген таасирин аныктоо, саясий тутумду, саясий жашоонун өнүгүшүндөгү мыйзам ченемдерди илимий жактан талдоо зарылчылыгы изилдөөнүн актуалдуулугун аныктайт. Кыргызстанда коомдук саясий турмушка таасир эткен факторлорду аныктоо, көйгөйлүү маселелерге арналган илимий эмгектерди тарых илиминин ыкмалары менен тарыхый көз караште комплекстүү изилдөө, жалпылоо зарыл деген ойдобуз.

**Саясий турмуштун жүрүшүнө таасир эткен тышкы факторлор:**

- Жаратылыш чөйрөсүнүн элементтери саясий процесстерге таасир этүү менен саясий көйгөйлөрдү пайда кылып жана аны чечүү мүмкүнчүлүктөрүн издөөгө таасир этет (климат, территория, ресурстар ж.б.). Атактуу француз философу Шарль Монтескье “Мыйзамдардын руху жөнүндө”(1748) аттуу атактуу очеркинде жаратылыштын саясатка тийгизген таасирине көп көңүл бурган. Шарль Луи Монтескье (1689–1755) бийликти бөлүштүрүү доктиринасын иштеп чыккан жана географиялык детерминизм мектебинин негиздөөчүлөрүнүн бири. Монтескье өзүнүн эмгегинде мыйзам чыгаруу жана аткаруу бийлиги бир адамдын колуна бириге турган болсо, эркиндик жөнүндө сөз кылуу мүмкүн эместигине токтолгон. XXI кылымда геосаясатка экологиялык факторлор, климат, өлкөнүн жайгашкан жери, деңизге чыгуу мүмкүнчүлүгү, жаратылыш ресурстары же алардын жоктугу көбүрөөк мааниге ээ. Укуктук мамлекет курууга багыт алган саясий системаны түшүнүү үчүн Шарль Монтескьенин эмгектери негиз болот [3, 803].

Көчмөн элдеринин тарыхын изилдөөгө зор салымын кошкон тюрколог Л.Н. Гумилев илимий эмгектеринде климаттын тарыхый (климотологияга) өнүгүүгө тийгизген таасирин негиздеген. Окумуштуу “Технология канчалык өнүкпөсүн, адамдар жашоо үчүн керектүү нерселердин баарын табияттан алышат” деп геосаясаттын негизги принциптеринин бири катары белгилейт [2, 544-б.]. Окумуштуу көчмөн элдеринин көчүп жүрүү процессине климаттык шарттар кандай таасир эткенин б.а. тарыхый өнүгүүгө социалдык эмес, табигый чөйрөнүн таасири чоң экенин белгилеген. Ал отурукташкан жана көчмөн элдеринин мамилесин татаал симбиоз катары мүнөздөгөн. Л.Н. Гумилев климат, география, археологиялык жана маданий булактарды параллелдүү изилдөөдөн турган этногенезди изилдөө методдорун сунуш кылган.

- Коомдогу саясий жашоого экономикалык мамилелердин таасири чоң. Мамлекеттин экономикалык системасынын деңгээли саясий чөйрө менен тыгыз байланышта. Тарыхый тажырыйба көрсөткөндөй, саясий системанын түрү мамлекеттин экономикалык өнүгүүсүнө чоң таасир этет. Экономикага мамлекеттин жүргүзгөн саясатынын таасири чоң экенин көптөгөн экономистер тастыкташат. Экономика боюнча Нобель сыйлыгынын лауреаты Дж. Стиглиц “Биз эмне жеп, эмне ичкенибиз мамлекет тарабынан жөнгө салынат. Ал эми кайсы жерде жана кандай шартта жашашыбыз мамлекеттик кызматтар тарабынан жөнгө салынат” деген жыйынтык чыгарган [7, 11-б.].

- Технологиянын өнүгүшү (маалымат жайылтуу технологиялары ж.б.) адамдардын күнүмдүк жашоосуна эле эмес коомдук саясий турмуштун өнүгүшүнө чоң таасир этип жатканы айкын көрүнүп жатат. Маалыматташтыруу жана компьютерлештирүү адамдардан жаңы билимди жана ой жүгүртүүнү талап кылат. Маалыматтык коомдун деталдуу концепциясын биринчилерден болуп окумуштуу У. Мартин иштеп чыккан. У. Мартин маалыматташтырылган коом Батышта пайда болгон "өнүккөн постиндустриалдык коом" катары негизделген. Окумуштуу технологиялык инновациянын оң жана терс кесепеттерин ажырагыс деп жазат [4, 30-б.].

- Коомдун социалдык структурасы (кесиптин түрү, билим ж.б.) калктын саясий дифференциациясына, бийлик институттарына болгон мамилесине чечүүчү таасир тийгизет. Коомдун социалдык структурасы туруктуу эмес, ал бүтүндөй коомдогу өзгөрүүлөр менен бирге өзгөрөт. Азыркы коом таптардан эмес, профессиналдык – функционалдык топтордон турат. КМШ уюмуна кирген калктын стратификациясынын моделин төмөндөгүдөй бөлсөк болот: Айыл чарба кызматкерлери (квалификациялуу жана квалификациясы жок); Ишкерлер.; Аскер кызматкерлери, укук кызматкерлери.; Техникалык, гуманитардык профилдеги жогорку жана орто билими тууралуу дипломдору бар адистер.; Жогорку билими боюнча диплому жок кызматкерлер (тейлөөчүү персонал); Мамлекеттик ишканалардын жана мекемелердин башкаруу аппаратынын жетекчилери; Жумушсуздар (пенсионерлер, үй кожокелери, студенттер, окуучулар, жумушсуздар).

- Туруктуу мамлекеттик тутумдар улуттун негизинде калыптанат, улуттар эгемендүүлүккө, көз карандысыз мамлекет болгонго умтулушат. ЮНЕСКОнун маалыматы боюнча дүйнөдө 4000 этнос бар, анын 800ү улуттук деген баскычка жеткен.Дээрлик бардык изилдөөчүлөр улутту белгилүү бир аймакта жашаган адамдардын жыйындысы катары аныкташат. Мамлекет жана улут түшүнүгүнүн өз ара байланышы "улуттук – мамлекеттик" деген терминдин пайда болушуна алып келди. Саясий субъект катары адамдардын тобунун өзүн – өзү уюштурунун бул формасы алгач Европада пайда болгон, андан кийин дүйнөнүн башка аймактарында да орногон. Улуттук мамлекеттердин саясий жана административдик институттары конституция, мыйзамдар жана башка укуктук актылар менен белгиленет. XX кылымдын ортосунан баштап модернизм коомдук илимде интеллектуалдык тенденция болуп калды, ал улуттардын генезисин изилдөөдө көптөгөн илимдердин жетишкендиктерин бириктирип, "саясий улутту" түзүү процессинин теориялык моделин иштеп чыкты. "Саясий улут" бийлик аркылуу аныкталат. Саясий улут – бул легитимдүү бийликти өз кызыкчылыктарын билдирген бийлик катары тааныган адамдардын жыйындысы.

- Дин – көп учурда адамдардын ири массасын консолидациялоодо негизги фактор катары иш алып барат.Саясат менен диндин өз ара мамилелери, көйгөйлөрү ар түрдүү тармактардын адистеринин кызыгуусун жаратып келүүдө. Коомдук аң – сезимдин формалары катары дин жана саясат дайыма өз ара аракеттенет, анткени алардын алып жүрүүчүлөрү иш жүзүндө мамлекеттин атуулдары. Саясаттын динге таасирин белгилүү бир идеяларды жайылтууда көрүнүшү мүмкүн. Динди саясатташтыруу жана коомдогу функцияларынын өзгөрүшү ар кайсы өлкөлөрдө саясий процесстерге конструктивдүү ошондой эле кыйратуучу таасирин тийгизүүдө.

- Идеология – бул саясий мамилелер чөйрөсүндө адамдардын жүрүм – турумун жетектеген руханий биримдиктин каражаты. "Идеология" терминин илимге француз философу Антуан Десттут де Траст киргизген. 1801–1815-жылдары "Идеологиянын элементтери" аттуу китеби жарык көргөн. Ал идеологияны саясаттын жана этиканын негиздерин өнүктүрүүгө мүмкүндүк берүүчү идеялардын доктринасы катары аныктаган. Жалпысынан идеология маселеси көптөгөн окумуштуулардын, саясатчылардын, тарыхчылардын изилдөө предмети болуп калды.

- Коомдук пикир – көпчүлүк элдин, таптын, социалдык топтун тышкы дүйнөнүн өз керектөөлөрү менен кызыкчылыктарына тиешелүү болгон фактыларына, окуяларына, кубулуштарына жана процесстерине жасаган реалдуу мамилесин чагылдырган массалык аң-сезимдин жашоосунун же көрүнүшүнүн ыкмаларынын бири. Коомдук пикирдин калыптанышы жана өнүгүшү саясий уюмдар менен социалдык институттардын эл массаларына тийгизген таасиринин натыйжасында максаттуу же күнүмдүк жагдайлардын, социалдык тажрыйбанын жана каада – салттын тике таасири астында стихиалуу жүрөт. Конкреттүү коомдук пикирдин белгилеринин катарына анын таралышын жана интенсивдүүлүгүн киргизүүгө болот. Коомдук маанайдан айырмаланып коомдук пикир стабилдүү жана мазмуну боюнча ачык-айкын мүнөздө болот.

- Саясий процесстин мазмунун ММКнын катышуусусуз элестетүү кыйын. Массалык маалымат каражаттары саясий, социалдык, илимий көз караштарды пропагандалоо, коомдук ой-пикирлерди жайылтуу максатын көздөгөн саясий күрөштүн кубаттуу куралы болуп саналат. Кандай гана массалык маалымат каражаттары болбосун, ошол өлкөнүн күзгүсү болуп саналат. Массалык маалымат кражаттарынын коомдук саясий турмушка тийгизген таасирин саясий коммуникация аспектисинден талдап келишкен. Массалык коммуникациянын коомдук саясий турмушка тийгизген объективдүү таасирин илимий жактан XX к. 20-жж. баштап изилдей баштаган. Биринчи жолу бул чөйрөдөгү маселелерди немец социологу М. Вебер көтөргөн [1, 739-б.].

Азыркы мезгилде коомдук саясий турмуштун өнүгүшүн изилдеп түшүнүүдө модернизация теориясын колдонгондор арбын. Саясий модернизация деп салттуу саясий системадан заманбап саясий системага өтүү катары түшүндүрүлөт (индустриалдык жана постиндустриалдык). “Кыргызстандагы модернизация процесстери аягына чыга элек, анткени аларга көбүнчө салттуу мамилелер жана башкаруу структуралары тоскоол болушат, алар көп учурда реформаланбайт жана модернизацияланбайт” деп өзүнүн илимий ишинде И.С. Бегалиев жыйынтык чыгарган.

Трансформация – саясий тутумдун жаңы өзгөчөлүктөргө ээ болушу, саясий стандарттардын жана баалуулуктардын өзгөрүшү, системанын сапаттык жаңы абалына жетишүүгө багытталган радикалдуу структаралык өзгөрүүлөр. Саясий трансформация – бул саясий тутумдун формасын, түрүн мүнөзүн же анын структурасынын айрым элементтерин өзгөртүү процесси. Трансформация өзгөрүүлөрдүн векторунун милдеттүү түрдө болушун билдирбейт – ал прогрессивдүү, регрессивдүү же татаал мүнөзгө ээ болушу мүмкүн. Коомдук жашоонун бардык жактары трансформацияга (өзгөрүүгө) дуушар болот: саясий, экономикалык, руханий, социалдык. Кыргызстанда саясий процесстер радикалдуу өзгөрүүлөргө алып келгени менен бийликтин мурунку түзүмдөрү өзгөрбөй эле иш алып бара жатат. Трансформацияланып жаткан коомдо элементтердин ортосунда туруктуу мамилелер жок, ошондуктан өзгөрүүлөрдүн кесепеттерин алдын – ала айтуу дээрлик мүмкүн эмес, ката кетирүү коркунучу да жогору болот. “Кыргызстан демократия жолунда. Саясий системанын трансформацияланышы” деп аталган монографиясында У. Чиналиев [8,285] биринчи жолу кыргыз илиминде Кыргызстандын саясий тутумун тоталитаризмден демократияга өтүү стадиясындагы трансформация процесстерин изилдеген. Негизги көңүл мамлекеттик жана жарандык коом институттарынын, саясий процесстердин трансформациясын талдоого бурулган.

Саясий режим – конституциялык укук илиминде коомдогу саясий бийликти жүзөгө ашыруу ыкмаларынын, жолдорунун, тариздеринин тутумун билдирүүчү түшүнүк, бул бийликтин милдеттик мүнөздөмөсү. Саясий режимдердин типологисы жок. Илим көбүнесе демократиялык, авторитардык, тоталитардык саясий режимдерди айырмалайт. Демократиялык режим – саясий режимдин бир түрү; ага бийликтин бөлүнүшү жана легитимдүүлүгү, саясий плюрализм, негизги адам укуктарынын жана эркиндиктеринин

сакталышы мүнөздүү. Демократтык коомдо өкүлчүлүк демократия дайыма тикелей демократиядан кийин турат. Коомчулуктун ою дайыма изилденет жана эске алынат. Мамлекеттик бийликтин өкүлчүлүк органдары жана жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу эл тарабынан жалпыга бирдей түз шайлоолордо, жашыруун добуш берүү жолу менен шайланат Шайлоолор саясий партиялардын атаандаштыгынын башкы аренасына айланат. Өкүлчүлүк органдары тарабынан колдоо болгондо жана тигил же бул партия өз саясатын жүргүзүү, мүмкүнчүлүгүнө ээ болот. Демократиялык режим учурунда мыйзам чыгаруучу бийлик, аткаруучу бийлик жана сот бийлиги биринен-бири бөлүнүп турат. Демократиялык режимде жалпыга бирдей белгилеринен тышкары ар бир өлкөнүн өзүнүн тарыхый, экономикалык, саясий шарттарына жана себептерине жараша улуттук өзгөчө белгилерге ээ болушу да мүмкүн.

Демократиянын заманбап теориялары - демократиянын маңызын туура түшүнүү үчүн коомдук өнүгүү жүрүшүндө пайда болгон жана өркүндөгөн демократия теорияларына кайрылабыз. XX к. 2-жарымында демократияны элитардык, плюралисттик, партиципатордук жана полиархия деп түшүндүргөн багыттар бөлүнүп турат.

Демократияны элитардык деп атоо башкаруучулардын аздыгынан (элитадан) келип чыккан. Элдин баркы шайлоолорго катышуу, элитаны жаңыртып, алмаштырып туруу менен чектелген. Эл бийлиги шайланган элитанын бийлиги менен алмаштырылган. Плюралисттик демократиянын башкы мүнөздөмөсү катары батыш саясатчылары эл өкүлдөрүнүн катышуусунда бийликтин өкүлдүк мекемелери аркылуу чечимдерди кабыл алуунун ачык мүнөзүн эсептешет.

Демократиянын партиципатордук теориясы (катышуу демократиясы) элдин бүтүндөй коомдун деңгээлиндеги жана анын ар кайсы чөйрөлөрүндөгү толук катышуу укугунан келип чыгат. Демократия, алардын ою боюнча коомдук турмуштун бардык чөйрөлөрүндө - үй-бүлөдө, окуу жайларында, өндүрүштө, партияда, мамлекетте уюштуруунун универсалдуу негизи. Жарандар шайлоолорго, референдумдарга, чогулуштарга гана эмес, ошондой эле чечимдерди даярдоого, кабыл алууга жана ишке ашырууга, аларды аткаруу көзөмөлүнө да катышуусу керек. Жарандардын жигердүү катышуусунун башкы максаты коомду бардык жагынан демократиялаштыруу, саясаттагы элдин кызыкчылыгын катуу эсепке алуу болуп саналат. Жарандардын саясатка жигердүү катышуусу демократиянын мүдөөлөрүн эл бийлиги катары ишке ашырууга мүмкүндүк берет.

“Демократия аралы” деп аталган образдуу түшүнүктү 1991-жылдан бери саясатчы жана эксперт, аналитиктер Кыргызстандагы саясий процесстердин, жүргүзүлгөн реформалардын ж.б. өзгөчөлүктөрүн талкулоо учурунда колдонулган лексиконго айланган [3, 8]. Борбордук Азия өлкөлөрүнүн ичинен Кыргызстан батыш демократиясынын идеалына эң жакын деп аташканы бекеринен эмес. Бул тыянакты региондогу башка мамлекеттерге салыштырмалуу анализ жүргүзүүдөн пайда болгон. Ошол эле учурда, бул концепциянын мазмуну коомдогу саясий системанын реформаланышы жана анын коомдук мамилилерге кандай таасир эткендигине, эл аралык имиджине байланыштуу ар башкача бааланып келүүдө. Мамлекеттик көзөмөлдөн тышкары саясий мейкиндиктин институтташуусу жана плюрализм Кыргызстандын негизги жетишкендиктеринин бири болуп саналат. Эгемендүүлүктүн алгачкы жылдарынан тартып Кыргызстан демократиялык өзгөрүүлөргө ачык экендигин көрсөттү. Мындай максаттар эл аралык коомчулук тарабынан колдоого алынды.

2005-жылдагы “Март” же “Жоогазын” ыңклабы Кыргызстандагы демократиялык кризистин туу чокусун белгиледи. Кыргызстандагы бул окуя демократиялык режим катары мүнөздөлгөн жана шайлоо жол – жобосуна негизделген саясий системанын жасалма курулушунун натыйжасы болгон. “Демократия аралында” болгон революцияны кээ бир саясатчылар түстүү революциянын болушу менен мүнөздөшкөн. “Түстүү революция” – бул салыштырмалуу жаңы түшүнүк. Түстүү революция көбүнчө бир катар Чыгыш Европа

өлкөлөрүндө аскердик катышуусуз калк нааразычылык акцияларын массалык көчөгө чыгуу менен саясий режимди алмаштырлышын айтышкан. Түстүү революция болгон өлкөлөрдө башкарылуучу демократиянын режими кадимки демократия менен алмаштырылган. Кээ бир өлкөлөрдө башкаруучу элитанын алмашуусу дагы болгон. Бирок бардык эле жарандар учурдагы оор көйгөйлөргө карабастан, бийлик алмаштыруу үчүн радикалдуу кадамдарга, митингдерге чыга бербейт. Ошондуктан революцияны уюштуруучулар финансылык жактан камсыз кылуу менен туруктуу күчтөрдү жана инфраструктураны түзөт. Бул процесстерде маалыматтык жана психологиялык иш – аракеттер кеңири колдонулат. “Түстүү революцияларды” ресурстук жактан каржылаган мекеме катары “Чыгыш Европа Демократиялык Борборун” (WschodnioEuropejskie Centrum Demokratyczne, WECD), Дж. Сорос тарабынан каржыланган “Ачык коом” уюму, “Эл аралык республикалык” жана “Элдик демократиялык институттар каржылайт деген божомолдор бар. Изилдөөчүлөрдүн бардыгы дээрлик бир добуштан Грузиядагы “Роза революциясын” (2003-ж.), Украинадагы “Оранжевая революция” ( 2004 ж.) “Түстүү революцияларга” кирет дешет. 2005-ж. 24-мартта Кыргызстанда дагы “Түстүү революция” болгон деп айткан Россиялык саясат таануучулар бар[6, 10-б.]. Эксперттердин айтымында, түстүү революциялар алсыз саясий бийлик сөз эркиндиги менен айкалышкан өлкөлөрдө гана ийгиликтүү ишке ашат. Окуялардын өнүгүшүнүн негизги айрымалоочу белгиси, бардык түстүү революциялар шайлоодон кийин болот. “Түстүү революция” өзүнүн тушүнүгүндө классикалык революцияларга кирбейт. Бул революцияларды “Гибриддик согуштар”деп аталган көрүнүш менен да байланыштырат. Технологиялар ар башка болсо дагы, гибриддик согуштар илгертен бери эле белгилүү болуп келген. Башында “гибрид” деген сөз саясий уюмдарга карата колдонулган. “Гибридик согуш” – бул АКШда XX к. аягында кадимки согушту, козголонду жана белгилүү бир мамлекетке каршы маалыматтык согушту айкалыштырган стратегияны сүрөттөө үчүн сунуш кылынган термин. Борбордук Азиянын аймагында АКШ, Кытай жана Россиянын геополитикалык кызыкчылыктарынын кагылышуусун пайда кылып жатканын бардыгыбыз билебиз. Кыргызстандын коомдук саясий турмушундагы туруксуздуктар бул теманын үстүнөн илимий иштерди улантуу дагы деле актуалдуу бойдон калууда.

Ошентип, саясий турмуштун жүрүшүнө таасир эткен тышкы факторлор: жаратылыш чөйрөсү (климат, территория, ресурстар ж.б.), экономикалык мамилелер, технологиянын өнүгүшү (маалымат жайылтуу технологиялары ж.б.), коомдун социалдык структурасы (кесиптин түрү, билими ж.б.), туруктуу мамлекеттик тутумдарды түзгөн улуттар, адамдардын ири массасын консолидациялоочу дин,саясий мамилелер чөйрөсүндө руханий биримдиктин каражаты болгон идеология,коомдук пикир, массалык маалымат каражаттары, саясий психология ж.б. таасирлер.

**Колдонулган адабияттар:**


1. Вебер М. Политика как призвание и профессия. – М., 1990. – 739 с.
2. Гумилев Л.Н. Этногенез и биосфера земли. – М., 1997. – 544 с.
3. Князев А.А. Векторы и парадигмы киргизской независимости (очерки постсоветской истории). – Б.: 2012. – С. 8–14.
4. Мартин У.Д. Информационное общество. – М., 1989. – 30 с.
5. Монтескье Ш. Избранные произведения. – М., 1955. – 803 с.
6. Нарочницкая Н.А. Оранжевые сети. От Белграда до Бишкека. – М., СПб., 2008.
7. Стиглиц Дж. Экономика государственного сектора. – М., 1997. – 718 с.
8. Чиналиев У.К. Кыргызстан на пути к демократии: трансформация политической системы. – М., 2004. – 285 с.


**Рецензент: саясий. илим. канд. Мусуралиева М.М.**